**ФИЛОЛОГИЯ PHILOLOGY**

УДК:809.434.1:801.54 (043.3)

***Базаралиева Г.К.,*** *а.и.к.*
***Исраилова Д.А.***, *ф.и.к.*
e-mail: gbazaralieva75@gmail.com

## УЛУТТУН УҢГУСУНА КАЙТУУ – АЛДЫГА ИШЕНИМДҮҮ КАДАМ ТАШТОО

***Базаралиева Г.К.,*** *с.н.с.*
***Исраилова Д.А.***, *и.и.н.*

## ВОЗВРАЩЕНИЕ К НАЦИОНАЛЬНЫМ ИСТОКАМ НАЦИИ – УВЕРЕННЫЙ ШАГ ВПЕРЕД

***Bazaralieva G.K.,*** *a.i.c.*
***Israilova D.A.,*** *f.i.c.*

## RETURNING TO THE NATION'S NATIONAL ROOTS – A CONFIDENT STEP FORWARD

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу КР УИА,*
*Б.Юнусалиев атындагы тил илими институ, Азыркы кыргыз тили бөлүмү*

*НАН КР при Президенте КР*
*Институт языказнания им.Б.Юнусалиева, Отдел современного кыргызского языка*

*NAS KR under the President of the KR*
*Institute of Linguistics named after B. Yunusaliev, Department of Modern Kyrgyz Language*

**Аннотация.** Макалада улуттук иденттүүлүктү сактоо, маданий мурастарды кайра жандандыруу жана заманбап коомдун өнүгүү багытын аныктоодо өзгөчө мааниге ээ экендиги, улуттук уңгуга кайтуу – бул артка кетүү эмес, тескерисинче, тарыхый тажрыйбаны, баалуулуктарды жана руханий негиздерди бүгүнкү күндүн талабына ылайык жаңыча колдонуу каралат. Анда улуттун тили, тарыхы, маданияты, каада-салты дүйнөтаанымы – келечекке жол көрсөткөн маанилүү фактор катары белгиленет. Мындай багыт алдыга ишенимдүү кадам таштоого өбөлгө түзүп, коомдун биримдигин бекемдейт, ааламдашуу шартында улуттук өзгөчөлүктү сактап калууга жана жаңы жетишкендиктерге умтулууга түрткү берет.
**Негизги сөздөр:** уңгужол, улут, ааламдашуу доору, нарк-насил, тил, материал, тарых.

**Аннотация:** В статье рассматривается важность сохранения национальной идентичности, возрождения культурного наследия и определения направления развития современного общества, а также то, что возвращение к национальным корням – это не шаг назад, а новое использование исторического опыта, ценностей и духовных основ в соответствии с потребностями сегодняшнего дня. Подчеркивается важность языка, истории, культуры, традиций и мировоззрения нации как важных факторов, указывающих путь в будущее. Такое направление создаст основу для уверенного движения вперёд, укрепит единство общества, будет способствовать сохранению национальной идентичности и стремлению к новым достижениям в условиях глобализации.
**Ключевые слова:** происхождение, нация, эпоха глобализации, ценности, язык, материал, история.

**Annotation.** The article discusses the importance of preserving national identity, reviving cultural heritage and determining the direction of development of modern society, as well as the fact that a return to national roots is not a step back, but a new use of historical experience, values and spiritual foundations in accordance with the needs of today. The importance of language, history, culture, traditions and worldview of the nation as important factors pointing the way to the future is emphasized. Such a direction will create a basis for confident movement forward, strengthen the unity of society, will contribute to the preservation of national identity and the desire for new achievements in the context of globalization.

**Key words:** origin, nation, era of globalization, values, language, material, history.

Кыргыз тарыхы, тили, маданияты жана нарк баалуулуктары – элдин уникалдуулугун, өзүнчөлүгүн жана маданий байлыгын көрсөтөт. Жарандардын бул баалуулуктарды эркин колдонуп, үйрөнүшү өзгөчө улуттук өз алдынча мүнөздү камсыз кылат.

Маданияттын өнүгүшү жана элдик нарктын кеңири таралуусу өлкөнүн ички жана тышкы саясий чечимдеринде эркиндикти жана өз алдынча туруктуулукту бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Бул элдин тарыхына жана маданиятына таянган мамлекеттик идеологияны жаратууга түрткү берет.

Өлкөбүздө жарандардын өз тилин, маданиятын жана тарыхын үйрөнүп, активдүү колдонушу алардын коомдук аң-сезимин күчөтөт. Бул учурда эл ичиндеги ынтымак жана улуттук биримдик күчөйт, бул өз кезегинде мамлекеттин башкаруу системасында жана коомдук өнүгүүдө өз алдынча көзөмөлдү камсыз кылат.

Маданий баалуулуктарды дүйнөгө таанытуу аркылуу улуттук образ эл аралык айдыңда өз ордун табат. Мында өлкө өзүнүн маданий дипломатиясын жана эл аралык аброюн жогорулатууга көмөктөшүп, эркиндигибиздин өзөгүн бекемдейт.

Тактап айтканда, жарандардын өз тилин, тарыхын жана маданиятын эркин колдонушу жана үйрөнүшү – бул мамлекеттин өзүнүн маданий, идеологиялык жана саясий принциптери ишке аша баштагандыгынын белгиси катары деп эсептесек болот.

Ал эми мамлекеттик тил – улуттун эң негизги байлыгы, анын руханий дүйнөсүнүн, маданиятынын жана тарыхынын негизги өзөгүнүн бири. Кыргыз элинин жарандык аң-сезимин калыптандырууда өлкөнүн өнүгүшүндө жана улуттук маданияттын сакталышында мамлекеттик тилдин салымы, орду өтө маанилүү.

1. *Жарандык аң-сезимди калыптандыруудагы орду*

Мамлекеттик тил – улуттун иденттүүлүгүн бекемдөөчү негизги факторлордун бири. Кыргыз тилин билүү жана аны сыйлоо ар бир жарандын мекенчилдик сезимин күчөтүп, коомдо биримдикти жана ынтымакты чыңдайт. Эгерде эл өз эне тилин жакшы билсе, улуттук аң-сезими да жогорулап, жарандык жоопкерчилиги бекемделет.

2. *Өлкөнүн өнүгүшүнө тийгизген таасири*

Мамлекеттик тилдин өнүгүшү – билим берүү, илим изилдөө, технология жана мамлекеттик башкаруу системасынын эффективдүүлүгүнө түздөн-түз таасир этет. Эгерде кыргыз тили бардык мамлекеттик органдарда, ведомстволордо, иш кагаздарында, билим берүүдө жана башка бардык тармактарда толук кандуу колдонулса, өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзүлөт. Тил – бул өлкөнүн интеллектуалдык жана маданий өнүгүшүнүн ачкычы да болуп саналат.

3. *Улуттук маданиятты сактоодогу орду*

Тил - элдин тарыхынын, маданиятынын жана каада-салтынын сактоочусу. Кыргыз тилин өнүктүрүү жана кеңири колдонуу улуттук маданияттын муундан-муунга жетүүсүнө өбөлгө түзөт. Тилди жоготуу – улуттук баалуулуктарды жоготуу менен барабар. Ошондуктан илим изилдөө тармагы жана кыргыз элинин адабияты, өнөрү жана салт-санаасы мамлекеттик тил менен тыгыз байланышта болушу шарт.

Ошондуктан Кыргызстанда мамлекеттик тилдин ордун бекемдөө жарандык аң-сезимдин жогорулашына, өлкөнүн өнүгүшүнө жана улуттук маданияттын сакталышына салым кошот. Демек, кыргыз тилин өнүктүрүү – бул мамлекеттин, улуттун келечегин камсыз кылуу дегендик. Тилди колдоо жана жайылтуу боюнча ар тараптуу иш-чаралар жүргүзүлүп, ар бир жаран өзүнүн мамлекет-

тик тилин урматтоого жана өнүктүрүүгө салым кошууну милдетим деп эсептөөсү шарт.

Андан сырткары, Кыргызстанда өсүп келе жаткан муунга билим берүү маселелери ар дайым көңүл борборунда турушу зарыл, анткени, алар өлкөнүн келечеги менен түздөн-түз байланыштуу. Кыргыз коому тарбиялоонун ыкмаларын жана максаттарын учурдагы жана узак мөөнөттүү перспективаларды эске алуу менен заманбап дүйнөнүн кыйынчылыктарына ылайыкташтырууга умтулушу шарт. Бул процессти мүнөздөгөн бир нече аспекттерди талдоого аракет кылып көрсөк:

1. *Ааламдашууга жана маданияттар аралык түшүнүккө басым жасоо*

- Ааламдашуу шартында Кыргызстандын билим берүү системасы түп-тамыры менен өзгөрүлүүгө муктаж. Келечекте балдарга эл аралык коомчулукта жашоо үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү өнүктүрүүгө умтулуусу зарыл. Буга чет тилдерди үйрөнүү, маданияттар аралык байланышты өнүктүрүү жана глобалдык маселелерди түшүнүү кирет.

- Мектептер чет өлкөлөрдөгү окуу жайларынын, мектептеринин окутуучу жана окуучулары менен алмашуу жана кызматташуу программаларын активдүү ишке ашыруусу (буга мисал катары Бишкек шаарындагы № 69 Т. Сатылганов атындагы кыргыз орто мектебинин жакшы жетишкендиктерин алсак болот) шарт.

*2. Чыгармачылыкты жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү*

- Адаттагыдай, кыргыз билим берүү системасы тартипке, эрежеге, өтүлгөн темаларды жаттаганга (жаттоо) жана экзамен тапшырууга дагы эле басым жасап келет.

- Азыр чыгармачылыкты, сынчыл ой жүгүртүүнү, аналогияны, логиканы жана татаал маселелерди чечүү жөндөмүн өнүктүрүүгө көбүрөөк басым жасашыбыз зарыл.

- Өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө, долбоордук иштерге жана командалык өз ара аракеттенүүгө үндөгөн жаңы окуу программаларын киргизүү керек.

*3. Билим берүүнү санариптештирүү*

- Кыргызстан бала бакчадан баштап, мектептеги билим берүү процессинде санариптик технологияларды азыноолак киргизүүдө. Мында бала бакчага жана мектепке белгилүү мөөнөттөрдө электрондук каттоо жүргүзүлгөнү мисал боло алат. Бул планшеттерди, он-лайн платформаларды жана интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонууну камтыйт.

Билим берүүнү жайылтуу (илим, технология, инженерия, искусство, математика ж.б. так илимдер).

- Санариптик технологияга, программалоого жана жасалма интеллектке басым жасоо.

- Балдарды санариптик доордо жашоого даярдоого, анын ичинде программалоого жана санариптик сабаттуулукка окутууга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы келип чыкты.

*4. Демографиялык чакырыктарды эсепке алуу*

- Кыргызстандын калкына ар түрдүү маданияттардын, айрыкча диндердин, тил маданиятыбызга таасир этүүсүнө тез аранын ичинде каршы күрөшүү шарт. Кыргызстан көп улуттуу жана көп маданияттуу өлкө болгондуктан, ар түрдүү маданияттардын, диндердин жана тилдердин таасири сөзсүз түрдө байкалат. Бирок бул таасирди кабыл алуу же ага каршы күрөшүү боюнча ар кандай көз караштар бар жана алтернативдүү эч нерсе иштелип чыга элек, айрым аракеттер колго алынбай келет.

Мамлекеттик тилди кантип улуттук баалуулуктарды сактоо аркылуу жогорку деңгээлге көтөрүүгө болот?

*А. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү* – кыргыз тилин окутууну, жайылтууну жана күнүмдүк турмушта активдүү колдонууга көмөк көрсөтүү. Өсүп келе жаткан муун үчүн кыргыз тилинде сүйлөө, пикир алышуу тренд болууга тийиш боло тургандай жол-жоболорун иштеп чыгуу. Кыргыз тилинин маселелерин заманбап технологияларды жана азыркы теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу менен кайрадан изилдөө - бул тилдин өнүгүүсүнө жана заманбап муктаждыктарга ылайыкташтырылышына өбөлгө түзөт.

- Тилди өнүктүрүү жана сактоо үчүн заманбап технологиялардын ролу өтө чоң. Бүгүнкү күндө кыргыз тилин изилдөөдө жана өнүктүрүүдө төмөнкү технологияларды колдонууга сунуштоого болот:

- Жасалма интеллект (ИИ) жана машиналык үйрөнүү – кыргыз тили үчүн сапаттуу тексттик анализ жүргүзүү, автоматтык ко-

тормо, үн таануу жана синтез технологияларын өнүктүрүү;

- Мобилдик жана веб-тиркемелер – тилди үйрөтүүчү интерактивдүү платформаларды, сөздүктөрдү, грамматикалык жардамчы тиркемелерди иштеп чыгуу;
- Биотехнологиялар жана нейролингвистика – тилди өздөштүрүүнүн мээге тийгизген таасирин изилдөө, эффективдүү окутуу усулдарын иштеп чыгуу;

- Теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу

Кыргыз тилинин маселелерин илимий негизде изилдөө үчүн лингвистиканын жана тил илими методологиясынын жаңы багыттарын колдонуу;

- Когнитивдик лингвистика - тилди түшүнүүнүн жана кабылдоонун илимий негиздерин изилдөө;
- Социолингвистика – кыргыз тилинин коомдогу ролун, анын колдонулушун жана башка тилдер менен өз ара байланышын анализдөө;
- Психолингвистика – кыргыз тилин үйрөнүүнүн жана кабыл алуунун психологиялык аспектилерин изилдөө, тил үйрөтүү усулдарын иштеп чыгуу жана жакшыртуу;
- Салыштырма лингвистика – кыргыз тилин башка түрк тилдери менен салыштырып, тилдин өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

- Практикалык колдонуу жана өнүгүү жолдору

- Кыргыз тилинин санариптик өнүгүүсүн колдоо, интернетте кыргызча контентти көбөйтүү, технологиялык колдонуунун кеңейтүү.
- Тилди мамлекеттик башкарууда, бизнес жана бардык коомдук жайларда колдонуу - бардык расмий документтерди, маалыматтык системаларды жана илимий эмгектерди кыргыз тилинде жүргүзүүгө басым жасоо.
- Билим берүү системасы – кыргыз тилин окутуунун заманбап жолдорун киргизүү, кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө инновациялык программаларды, усулдарды иштеп чыгуу.

Б. *Маданият жана салт-санааны жайылтуу* – улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды, элдик оозеки чыгармачылыкты жана элдик өнөрдү өсүп келе жаткан муунга тааныштыруу жана кан-жанына сиңирүү.

В. *Улуттук баалуулуктарды сактоо* – мектептерде жана ЖОЖдордо кыргыз тарыхын, маданиятын жана руханий баалуулуктарын тереңдетилген негизде окутуу.

- Калктын ден соолугу жана төрөттүн деңгээлин жогорулатуу менен күрөшүү зарыл. Бул тарбиялоого болгон мамилеге таасирин тийгизет: жаштардын келечекте өз алдынча жана ыңгайлашуусуна жардам бере турган шарттарды түзүүгө басым жасалат.

- Билим берүү программалары ошондой эле балдарды калктын көпчүлүк бөлүгүн жашыраак адамдар түзгөн коомдо жашоого даярдоого багыттоо.

*5. Экологиялык тарбия*

Глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн негизинде кыргыз мектептери балдардын экологиялык аң-сезимин калыптандырууга багытталган программаларды активдүү ишке ашыруусу шарт. Ар бир бала «Таза өлкө – бекем ден соолук» деген ураанды көмөкөйгө кыттай уютуу керек. Бул туруктуулук, энергияны үнөмдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелерин изилдөөнү камтыйт.

*6. Мугалимдердин жана ата-энелердин ролун кайра карап чыгуу*

- Мугалимдердин жана ата-энелердин тарбиялоодогу ролу көбүрөөк өз ара аракеттенүү жана бири-бирин колдоо багытында каралса бир топ эффективдүү болмок. Мугалимдер билим берип жүрүүчүлөр гана болбостон, балдардын коомго аралашуусуна ар тараптан көмөк көрсөткөн, алардын аң-сезимин өнүктүрүүгө жардам берүүчү насаатчылар да болушат.

- Мектепте 5деген баага гана көңүл бурулуп, 3 деген баага окуган балдарга мугалимдин окутуучулук мамилеси салкын, кайдыгер болуп келе жатат. Ошол балдардын акыл-жөндөмүн ойготууга, арттырууга, келечек тагдырына жакшы жол көрсөтүүгө, адеп-маданиятын калыпка салууга мугалим гана өбөлгө түзө алат. Ошондуктан бала бакча тарбиячылары жана мектеп мугалимдерин жада калса, окуучу балдардын энелерине да улуттук нарк-насилди, адамдык баалуулуктарды камтыган курстарды, мектептерди (мисалы, «энелер мектеби») шаарларда, аймактарда байма-бай уюштуруу кечиктирилгис маселе.

- Ата-энелер да баланын гармониялуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн билим берүү

процессине катышат. Буга терең токтоло турган болсок, өлкөдөгү эң негизги маселе болгон, батыштын демографиялык таасири четинен кетилте баштаган үй-бүлө баалуулуктарына токтоло кетели. Үй-бүлө институту деген эмне? Үй-бүлө институтунун коомдогу орду? Үй-бүлө институтунун мамлекеттик тилге болгон таасири? Үй-бүлө институтунун улуттук иденттүүлүккө болгон мамилеси кандай? Үй-бүлө институтундагы атанын жана эненин орду, балага болгон таасири кандай?

Ошол эле үй-бүлөдөгү эненин таасири астында бала кандай тарбияланат, маселенин баары ошондо жатат.

Ошондуктан жогорудагы бир топ суроолордун жообу – бул энеге барып такалат. Демек, азыркы учурда өлкөбүз энелердин мектебине муктаж.

Эне билимдүү болсо, маданияттуу болсо, ыйбаалуу жана адептүү болсо, дени сак болсо, ар-намыстуу болсо коомго да дал ошондой муунду тарбиялап берет.

*7. Узак мөөнөттүү пландаштыруу*

Кыргыз Өкмөтү жана билим берүү мекемелери технология, экономика жана коомдогу өзгөрүүлөрдү эске алган узак мөөнөттүү стратегиялардын үстүндө жигердүү иштөөсү шарт. Бул кийинки муунга керек боло турган келечектеги карьераларды жана көндүмдөрдү болжолдоону камтыйт.

Кыргызстандын келечекке багытталган билим берүү тутуму:

- Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк - жогорку технологиялык тармактарда жана чет өлкөлөрдө талап кылынган көндүмдөрдү өнүктүрүүгө басым жасоо.
- Окутуу ыкмаларын өзгөртүү - жаттоодон критикалык жана логикалык ой жүгүртүүгө жана көйгөйлөрдү чечүүгө өтүү.
- Жаратылыш жана коом менен жуурулушуп, айлана-чөйрөнү коргоо жана өнүктүрүү үчүн баланы жоопкерчиликтүү тарбиялоо.

*8. Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү*

- Кыргызстандагы тарбия ошондой эле эмпатия, кызматташуу жана кабыл алуу (стресске туруштук берүү) сыяктуу социалдык жана эмоционалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталуусу зарыл. Бул балдарга тез өзгөрүп жаткан дүйнөгө көнүүгө жардам берет.

Ошентип, Кыргызстан учурдагы муктаждыктарга гана жооп бербестен, жаш муундарды келечектин кыйынчылыктарына даярдай турган билим берүү системасын түзүүгө умтулат. Бул технологиялык инновацияларды да, коомду жана жаратылышты урматтоо сыяктуу салттуу баалуулуктарды сактоону да камтыйт.

Жыйынтыктап айтканда, билим берүүдө улуттук баалуулуктарга артыкчылык берүү дүйнөлүк тажрыйбадан обочолонууну билдирбейт. Тескерисинче, бул өз маданияты менен сыймыктанган жана ошол эле учурда дүйнө менен диалогго даяр муунду тарбиялоо үчүн салтты заманбап ыкмалар менен шайкеш келтирүү мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет. Билим берүүнү жаңы тажрыйбалар менен байытуу окуу процессин заманбап окуучулар үчүн кызыктуу жана актуалдуу кылат. Ошондой эле, жарандардын өз тилин, тарыхын жана маданиятын эркин колдонушу жана үйрөнүшү – бул мамлекеттин эч кандай тышкы басымсыз өзүнүн маданий, идеологиялык жана саясий принциперин өздөштүрүп, сактоо үчүн негизги баскычтарынын бири. Мунун жардамы менен өлкө өз эгемендүүлүгүн, өзгөчөлүгүн жана туруктуулугун камсыз кыла алат деген ойдобуз.

Кыргызстан күчтүү мамлекет болушу үчүн өзүнүн тарыхын, маданиятын, тилин жана руханий байлыктарын сактоо менен, ошол эле учурда дүйнө менен тең ата өнүгүүгө умтулуусу зарыл. Улуттун уңгусуна кайтуу – бул артка кайтуу эмес, алдыга ишенимдүү жана негиздүү кадам таштоо.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф., 1988.
2. Осмонов Ө. Уңгужолдун негизи – ата-бабалардын тарыхы. “Кыргыз туусу”, 09.09.2025.
3. Кемел Белек Улуттук уңгужол: кыргыз деми жана кыргыз дымагы, “Кут билим”, 05.02.2025.
4. https://24.kg/